**2013-жылдын 26-апрелиндеги № 61 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 14-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-жыл, № 6, 273-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** 1-статьяда:

2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2. ФОЭС боюнча Комитеттин фонду (Лондон шаары) тарабынан кабыл алган Финансылык отчеттун эл аралык стандарты (мындан ары – ФОЭС) менчигинин түрүнө карабастан, ачык кызыкчылыктын субъекттери үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулуучу бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн жана финансылык отчетту түзүүнүн бирдиктүү усулдук негизи болуп саналат.

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй болуп саналган субъект ачык кызыкчылыктын субъекттери деп түшүнүлөт:

-баалуу кагаздары фонд биржасынын листингине киргизилген эмитент;

-Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланууучу банк же башка финансылык-кредиттик мекеме;

-инвестициялык фонд, камсыздандыруу компаниясы, мамлекеттик эмес пенсиялык фонд.

Эгерде ушул статьяда башкача каралбаса, менчигинин түрүнө карабастан ачык кызыкчылыктын субъекттерин кошпогондо, субъекттер үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулуучу финансылык отчетту түзүүнүн бирдиктүү усулдук негизи ФОЭС боюнча Комитеттин фонду (Лондон шаары) тарабынан кабыл алынган чакан жана орто ишкердиктин субъекттери үчүн финансылык отчеттун эл аралык стандарты (мындан ары – ЧОИ үчүн ФОЭС) болуп саналат.”;

статья төмөнкүдөй мазмундагы $2^2$-пункт менен толукталсын:

“$2^2$. Чакан ишкердиктин субъекттери бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү жана финансылык отчетту түзүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген жөнөкөйлөштүрүлгөн эрежелерге ылайык жүзөгө ашырат.

Эсепке алуу саясатын бекиткен алардын жетекчи органдарынын чечими боюнча чакан жана орто ишкердиктин субъекттери ыктыярдуу негизде ФОЭСке же ЧОИ үчүн ФОЭСке ылайык финансылык отчетту түзүүгө укуктуу.

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык ушундай деп аныкталган субъекттер кичи ишкердиктин субъекттери деп түшүнүлөт.”.

**2.** 3-статьянын 2-пунктунун үчүнчү абзацы “ФОЭС” деген аббревиатурадан кийин “ЧОИ үчүн ФОЭС” деген аббревиатуралар жана сөз менен толукталсын.

**3.** 4-статьянын 1-пунктундагы “, ыйгарым укуктуу органдын ченемдик актыларынан” деген сөздөр алып салынсын.

**4.** 6-статьянын 2-пунктунда:

экинчи абзацындагы “Комитет” деген сөз “Комитеттин фонду” деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү жана сегизинчи абзацтарындагы “ФОЭС” деген аббревиатурадан кийин “ЧОИ үчүн ФОЭС” деген аббревиатуралар жана сөз менен толукталсын.

**5.** 10-статьяда:

1-пунктунун экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: “Субъекттер ушул Мыйзамдын 1-статьясында көрсөтүлгөн эрежелерге ылайык финансылык отчетту түзүүгө милдеттүү”;

2-пунктундагы “белгиленген тартипте ратификацияланган Эл аралык келишимдерде” деген сөздөр “Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**